**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК Н. ИСАНОВ атындагы**
**КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (Колледж)**

| | |
|---|---|
| «МАКУЛДАШЫЛДЫ» | «БЕКИТЕМИН» |
| «Кыргыз автобекети» | ОКББ (Колледж) директору |
| мамлекеттик ишканасынын | _______ Дербишева Э.Д. |
| башкы директору | (колу) |
| _______ Жумабаев М.Т. | «16» ___01___ 2019-ж. |
| (колу) | |
| «17» ___01___ 2019-ж. | |

**190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)»**
адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн студенттери үчүн

# ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ

| | |
|---|---|
| *Квалификациясы* | **Техник** |
| *Даярдоо багыты* | **190000 «Техника жана жердеги унаанын технологиялары»** |
| *Адистиги* | **190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)»** |
| *Окутуу формасы* | **Күндүзгү, сырттан** |

**Бишкек – 2019**

УДК 656.072 / 073 + 656.13:377.5 (083.5)

190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн студенттери үчүн практиканын программасы / Н.Исанов атындагы Кырг. мам. курул. трансп. ж-а архит. уни-и; Түзүүчүлөр: Э.Ж.Бирисманов, Б.Т.Ткачева, Т.М.Мамбеталиев. – Бишкек, 2019. – 16 б.

Практиканын программасы Н.Исанов атындагы КМКТАУнун ОКББ (Колледжинин) «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча предметтик-цикл комиссиясынын отурумунда (16.10.2018-ж. протокол № 1) жана Н.Исанов атындагы КМКТАУнун ОКББ (Колледжинин) Усулдук кеңешмесинин отурумунда (26.10.2018-ж. протокол №4/1) жактырылган жана басууга сунуш кылынган.

Н.Исанов атындагы КМКТАУнун ОКББ (Колледжинин) 190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн 2-3 – курстарынын студенттери үчүн даярдалган.

Рецензент «Кыргыз автобекети» мамлекеттик ишканасынын башкы директору
Жумабаев М.Т.

Н. ИСАНОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ ТРАНСПОРТ ЖАНА
КОЛЛЕДЖ КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА СТРОИТЕЛЬСТВА,
ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК БОЛУМУ
УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКИЙ ОТДЕЛ
Учебный номер № 16/01-12 «17» 01 2019 г.

© Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети, 2019

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1. | ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ | 4 |
| 1.1. | Окуу-таанышуу практикасы | 7 |
| 1.2. | Өндүрүштүк практика | 8 |
| 1.3. | Диплом алдындагы практика | 10 |
| 2. | ПРАКТИКАНЫН ПЛАНЫ | 12 |
| 3. | ПРАКТИКАГА ТАПШЫРМАЛАР | 12 |
| 4. | ПРАКТИКАНЫ УЮШТУРУУ | 12 |
| 4.1. | Практиканын жыйынтыгы боюнча аттестациялоо | 12 |
| 4.2. | Практиканын базасы жана студенттердин иш орундары | 13 |
| 4.3. | Практиканын мазмуну жана жетектөө | 13 |
| 4.4. | Техника коопсуздугу жана эмгекти коргоо | 14 |
| 4.5. | Практика боюнча студенттердин отчеттору | 14 |
| 5. | АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ | 15 |

# 1. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын студенттеринин практикасы орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын негизги бөлүгү болуп эсептелет жана практиканын базаларында студенттерди кесиптик ишке даярдоодогу окуу процессин уюштуруунун бир түрүн көрсөтөт.

Практиканын программасы – бул реалдуу өндүрүштүк шарттарда студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө окутуунун мазмунун аныктоочу усулдук-ченемдик документ. Сунушталган программа Н.Исанов атындагы КМКТАУнун ОКББ (орто кесиптик билим берүүчү) (Колледжинин) 190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча студенттеринин практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү маселелерин көзөмөлдөйт.

Ушул практиканын программасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекиген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билиминин билим берүүчү уюмдарынын студенттеринин өндүрүштүк (кесиптик) практикасы жөнүндөгү Жобонун негизинде, орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүп жаткан Н.Исанов атындагы КМКТАУнун (Колледжинин) орто кесиптик билим берүүсүнүн студенттеринин практикасы жөнүндөгү Жобонун негизинде жана 190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билиминин мамлекеттик билим берүүчү стандартынын (компетенттүлүүктүн негизинде) талаптарын эске алуу менен түзүлгөн.

Практиканын максаты, көлөмү жана түрлөрү студенттерди даярдоодогу тийиштүү адистик боюнча орто кесиптик билиминин мамлекеттик билим берүүчү стандарты менен аныкталат. Анда баяндалган талаптарды эске алуу менен практиканы пландоо, уюштуруу жана өткөрүү тартип-эрежелерин аныктаган документтер окуу жай тарабынан иштелип чыгат. Практиканы өтүү окуу планына, практиканын бекиген программасына ылайык жүргүзүлөт жана практиканын отчетун түзүү жана аны коргоо менен аяктайт.

190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билиминин мамлекеттик билим берүүчү стандартына жана окуу планына ылайык практиканын төмөнкү түрлөрү каралган:

– окуу-таанышуу практикасы;
– өндүрүштүк практика;
– диплом алдындагы практика.

Техника жана транспорт жаатында студенттерди даярдоо алардын келечектеги практикалык ишмердүүлүгүнүн конкреттүү маселелери менен тыгыз байланыштуу болуусу зарыл. Бул маселени чечүүгө ушул документте каралган практиканын түрлөрү мүмкүндүк берет.

Ар бир практика өзүнүн конкреттүү максаттарын жана милдеттерин

алдына коет жана аларды чечкенине карабастан (булар практиканын программасында чагылдырылат), алар биргеликте студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн негиздерин өздөштүрүүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана ырааттуулугун камсыздашы керек.

Окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикалар студенттердин окутуу маалында алышкан теориялык билимдерин бекемдейт жана тереңдетет. Диплом алдындагы практика негизги кесиптик билим берүү программасынын бөлүгү катары окутуунун аяктоочу этабы болуп саналат жана теориялык окутуу программасын студенттер өздөштүргөндөн кийин өткөзүлөт. Ал студенттерге дипломдук долбоорду (бүтүрүүчү квалификациялык ишти) жазуу үчүн белгилүү базаны иштеп даярдоо мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Практиканын бардык түрү студенттердин өз алдынча иштөөнү билүүсүн жана практикалык көндүмдөргө ээ болуусун болжолдойт.

Студенттердин практикасын өткөрүүнүн негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат: студенттердин окуу, теориялык жана кесиптик-практикалык ишмердүүлүгүнүн интеграциясы.

Практиканын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- компетенцияларга, өндүрүштүк көндүмдөргө жана өндүрүштөгү эмгектин алдынкы ыкмаларына ээ болуу;
- мотивациялык чөйрөдө кесиптин нормаларына ээ болуу: тандаган кесиптин акыл-ой баалуулуктарынын себептерин баамдап түшүнүү;
- келечектеги кесиптин негиздерин үйрөнүү;
- кесиптик маселелерди (көйгөйлөрдү) чечүү методологиясы жана технологиясы менен таанышуу, өздөштүрүү;
- мекеме жана ишканалардын (практика базаларынын) инновациялык, анын ичинде маркетингдик-менеджердик ишмердүүлүгү менен таанышуу;
- кесиптик ишмердүүлүктүн ар түрдүү жактарын үйрөнүү: социалдык, укуктук, экологиялык, психологиялык, техникалык, технологиялык жана экономикалык;
- дипломдук долбоордун темасы боюнча маалыматтарды тандап алуу жана талдоо.

Практиканын максаттары:

- автомобилдик унаада ташууларды уюштуруу жана аны башкарууга байланышкан ишкана менен уюмдардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө иш жүзүндө катышуунун негизинде аудитордук сабактар процессинде студенттердин алган теориялык билимдерин бекемдөө жана тереңдетүү;
- өндүрүштүк шарттарда колледжде алган теориялык билимдерди, практикалык көндүмдөрдү жана билгичтиктерди колдонуу;
- мурдагы практика процесстеринде ээ болгон практикалык даярдыктарды толуктоо жана өнүктүрүү;
- келечектеги адистерди жаңы өндүрүштүк мамилелерге көндүрүү.

Студенттер практика маалында ишкананын өндүрүштүк шарттарында

төмөнкүлөрдү үйрөнүшөт жана өздөштүрүшөт:

- ишкана ишмердүүлүк стратегиясын ишке ашыруу, жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу процессинин сапаттуулугуна жана натыйжалуулугуна жетүү;
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү жеткирүүдө ар кандай унаа-технологиялык системдерди натыйжалуу колдонууну уюштуруу;
- материалдык жана элдик ресурстарды натыйжалуу колдонуу;
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу жаатында колдонуп жаткан жоболорду, эрежелерди жана ченемдерди жүзөгө ашыруу;
- унаа каражатынын кыймылын уюштурууда натыйжалуу схемаларды колдонуу;
- ар түрдүү шарттарда кыймылдын коопсуздугун камсыздоо;
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну пландоо жана уюштуруу;
- унаа-технологиялык система жумуштарын көзөмөлдөөнү ишке ашыруу;
- түздөн-түз ишканада жана ошондой эле линияда айдоочулар иштеп жатканда коопсуздук техникасынын, өнөр-жай санитариясынын, өрткө каршы коргонуунун жана эмгекти коргоонун ченемдерин жана эрежелерин аткарууну камсыздоо;
- маселени формулировкалоо жана кесиптик компетенциянын алкагында аларды чечүү ыкмаларын аныктоо;
- кесиптик маселелерди чечиш үчүн заманбап маалыматтык технологияны колдонуп, керектүү маалыматты издөөнү ишке ашыруу;
- автомобилдик ташууларды уюштуруунун технологиялык схемаларын иштеп чыгуу;
- өзүнө эксплуатациялык сапаты туура келген кыймылдуу бөлүктү тандоо жана ташуу процессинин натыйжалуу аткарылышын камсыздоо;
- жүктөп-түшүрүүчү механизмдердин жана кыймылдуу бөлүктүн санын эсептөө;
- товардык-унаалык иш кагаздарды жана жол баракчаны иштеп чыгуу жана толтуруу;
- аткарылган жумуштун (тейлөөнүн) сапатына туура келген техникалык көзөмөлдү ишке ашыруу;
- ишкананын ишмердүүлүгүнүн өндүрүш-чарбалык негизги көрсөткүчтөрүн аныктоо.

Практикадан өтүү техниктерди кесиптик даярдоо сапатын жакшыртууга, өндүрүш менен байланышты бекемдөөгө мүмкүндүк берет жана ишканада пайда болуучу өндүрүштүк маселелерди чечүү үчүн керек болгон практикалык көндүмдөрдү орто кесиптик окуу жайда алган теориялык билимдер менен айкалыштырууга жардам берет.

## 1.1. Окуу-таанышуу практикасы

*Окуу-таанышуу практикасынын максаты* – кесиптик ишмердүүлүктүн объектилеринин иштөөсү менен жалпы таанышуу; теориялык билимдерди бекемдөө жана практикалык көндүмдөрдү алуу; ташуу процессин көзөмөлдөө; ташуу процессинин кемчилектерин аныктоо жана талдоо; кесиптик ишмердүүлүктүн объектилеринде иштөөдө контролдук-өлчөөчү аспаптар, шаймандар менен иштөөнү үйрөнүү; диспетчердик кызматтын ишин үйрөнүү жана башкалар.

*Окуу-таанышуу практикасынын милдети* болуп алгачкы кесиптик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алуу саналат, студенттерди жалпы кесиптик жана адистик сабактарын тереңдеп окуп үйрөнүүгө жана баамдап түшүнүүгө даярдоо, тандаган адистик боюнча аларга практикалык кесиптик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү үйрөтүү.

*Практиканы өткөрүү жери:* алгачкы кесиптик көндүмдөрдү алуу үчүн окуу-таанышуу практикасы окуу, окуу-өндүрүштүк өнөркаларында, окуу чарбаларында жана башка окуу жайдын кошумча жайларында өткөзүлөт же болбосо адистиктин багыты боюнча ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан уюмдарда окуу жай менен түзүлгөн келишимдин негизинде ошол уюмдардын атайын жайларында өткөзүлөт.

Окуу-таанышуу практикасынын жүрүшүндө студенттер окуу жайдын же уюмдардын курам-бөлүктөрү, ал бөлүмдөрдүн милдеттери, иш өзгөчөлүктөрү менен кенен таанышышат. Автомобилдик унаада ташууларды уюштуруу жана башкарууга тийиштүү болгон жалпы терминдер жана түшүнүктөр менен жакындан таанышууга мүмкүндүк алышат. Калктын транспорттук кыймылын изилдөө ыкмаларын, маршруттук системалардын негиздерин жана технологиясын, автомобиль унаасында жүк жана жүргүнчү агымдарынын негизги багыттарын окуп үйрөнүшөт.

### Студенттерге жеке тапшырмалар:

1. Н.Исанов атындагы КМКТАУнун курам-бөлүктөрү, кафедралары.
2. УТУБ (унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу) түшүнүгү, максаты жана милдети.
3. Жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү автомобиль унаасы менен ташуу процесси.
4. Автоунаа ишканасын башкаруу, ишмердүүлүгүнүн принциптери жана түзүм-курамы.
5. Жүргүнчүлөрдү автобустар менен каттамдарда ташууну уюштуруу.
6. Автомобилдик ташууларды заманбап башкаруу, уюштуруу ыкмалары.
7. Автоунаа ишканаларында жол кырсыктарын эсепке алуу жана талдоо.
8. Айдоочулардын квалификациясын жогорулатуу жолдору.
9. Маршруттук системанын негиздери, бөлүнүшү жана түрлөрү.
10. Ар кандай түрдөгү жүктөрдү автомобиль унаасы менен ташууну уюштуруу жана башкаруу.

## 1.2. Өндүрүштүк практика

Өндүрүштүк (кесиптик) практика теориялык окутуу процессинде студенттердин алган билимдерин бекемдөөнү жана тереңдетүүнү, окуп жаткан адистик боюнча керектүү билгичтиктерге, көндүмдөргө жана практикалык иш тажрыйбага ээ болууну көздөйт.

Адистиктин багыты боюнча (өндүрүштүк) практика конкреттүү уюмдун ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүүнүн негизинде алгачкы иш тажрыйбага ээ болууга, адистиктин сабактарын окуп үйрөнүүдө алган билимдерди бекемдөөгө, кеңейтүүгө, тереңдетүүгө жана системага салууга жана ошондой эле студенттердин кесиптик компетенцияларга ээ болуусуна багытталган.

Өндүрүштүк (кесиптик) практика төмөнкү түрдө өтүлөт:

- өндүрүштүк окутуу сабактары;
- практикалык сабактар;
- өндүрүштүк ишмердүүлүк боюнча студенттердин окуу-өндүрүштүк өнөрканаларда көрсөтмө куралдарды, окутуунун техникалык каражаттарын жасоо жана практиканын программасынын талаптарына жооп берген башка жумуштарды жасоо;
- студенттердин эксперименталдык тажрыйба, конструктордук жана ойлоп табуу иштерине катышуу.

*Өндүрүштүк практиканын милдеттери* болуп адистердин укуктарын жана милдеттерин үйрөнүү; өндүрүштү, ташуу жана технологиялык процесстерди уюштуруу менен таанышуу; адистин милдеттерин аткаруу (кайталоо); айдоочулардын жана башка персоналдын иш графигин, кыймылдын жүгүртмөсүн үйрөнүү жана түзүү; жол баракчаларды жана товардык-транспорттук иш кагаздарды үйрөнүү жана түзүү; техникалык тейлөөнүн, күндөлүк, сезондук жана капиталдык оңдоонун мазмуну жана көлөмү менен, техникалык тейлөөнүн жана оңдоонун графиктерин иштеп чыгуу эрежелери менен таанышуу; ишканада сапатты камсыздоо системасын, ишканадагы эмгекти коргоо жана жашоо-тиричилик коопсуздугун камсыздоо маселелерин окуп үйрөнүү; өндүрүштү пландоо жана уюштуруу маселелери менен, экологиялык коопсуздукту камсыздоо ыкмалары менен таанышуу; курстук долбоорлоо үчүн керектүү материалдарды чогултуу.

*Практиканы өткөрүү жери:* студенттердин өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикасы, эреже катары, окуу жайдын орто кесиптик билим берүүсү (колледжи) менен ар кандай укуктук-уюшулуу формасындагы уюмдар менен түзүлгөн түз келишимдердин негизинде ошол уюмдарда өтөт. Практиканын базаларын бекитүү окуу жайдын администрациясы тарабынан уюмдардын укуктук-уюшулуу формасына жана менчик түрүнө карабастан түз байланыштардын, келишимдердин негизинде ишке ашат.

Өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикасын өткөрүү жери төмөнкү объектилер болушу мүмкүн:

➢ жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуучу мамлекеттик ишканалар жана уюмдар;

- менчик түрү башка болгон транспорт ишканалары жана уюмдары;
- жол кыймылынын коопсуздук кызматы;
- унаа-экспедициялык ишканалар жана уюмдар;
- мамлекеттик унаа жана регионалдык башкаруу органдарынын унаа инспекциялары;
- унаа кызматынын базарын тейлөө жана изилдөө боюнча маркетинг кызматтары жана бөлүмдөрү;
- жүргүнчүлөрдү ташуучу жана товар жылдыруучу регионалдык системдер;
- өндүрүүчү жана сатуучу системдер;
- өндүрүш-технологиялык системдерди маалымат менен камсыз кылуучу ишканалар жана уюмдар;
- долбоордук, илим-изилдөөчү мекемелер.

ОКББ (Колледж) студенттерин практика убагында иш орундарына практикант катары кабыл алган учурдан баштап аларга уюмда иштеп жаткан ички тартип эрежелери жана эмгекти коргоо эрежелери жайылтылат.

ОКББ билим берүү программасын өздөштүрүп жаткан студенттер уюмдарда адистиктин профили боюнча практиканы өтүү убагында:

- өндүрүштүк практиканын программасында каралган тапшырмаларды толук аткарышат;
- уюмдарда иштеп жаткан ички эмгек тартип эрежелерин сакташат;
- эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун талаптарын так сакташат.

**Жеке тапшырмалар:**

1. Министрлик, ишканалардын, уюмдардын ж.б. түзүмү.
2. Башкармалыктардын, бөлүмдөрдүн, кызматтардын жана башкалардын кызматтык милдеттери.
3. Кыргыз Республикасында автомобилдик ташууларды уюштуруу.
4. Автоунаа ишканасынын негизги милдеттери.
5. Автоунаа ишканасынын эксплуатация кызматы (бөлүмү).
6. Автоунаа ишканасынын айдоочулары бузган жол кыймылынын эрежелери жана алар катышкан жол транспорт кырсыктарын эсепке алуу жана талдоо.
7. КР жол жана транспорт министрлигинин алдындагы автомобилдик жана суу транспорту боюнча мамлекеттик агенттиги, анын милдеттери жана кызматтары.
8. КР ташуучуларынын алдына коюлган милдеттери.
9. Автобекеттер, автостанциялар, милдеттери жана кызматтары.
10. Кыргызстандагы автомобилдик ташуулардын өнүгүү келечеги.
11. Жүргүнчүлөрдү автомобилдик ташуулардын классификациясы.
12. Кыргызстандагы жүргүнчү транспортунун мааниси жана ролу.
13. КР жүргүнчүлөрдү ташуунун абалын талдоо.
14. Жүктөрдү автомобилдик ташуулардын классификациясы.
15. КР жүктөрдү ташуунун абалын талдоо.

16. Жүктөрдүн транспорттук классификациясы.
17. Жүктөргө белги салуу жана таңгактоо.
18. Транспорттук логистика.
19. Бишкек ш. таксомотордук ташуулардын абалын талдоо.
20. Жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну уюштуруунун сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугу.

## 1.3. Диплом алдындагы практика

Студенттердин диплом алдындагы практикасы окутуунун аяктоочу этабы болуп эсептелет жана алардын баштапкы иш тажрыйбасын тереңдетүүгө, жалпы жана кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө, өз алдынча эмгек ишмердүүлүгүнө даярдыгын текшерүүгө жана дагы ар кандай уюштуруучулук-укуктук формадагы уюмдарда дипломдук долбоорду (бүтүрүүчү квалификациялык ишти) аткарууга материалдарды чогултууга багытталган.

*Диплом алдындагы практиканын максаты* – адистиктин багытына ылайык өндүрүштө уюштуруу-технологиялык маселелерди чечүүгө студентти даярдоо жана дипломдук долбоорду аткарууга даярдык көрүү, адистин милдетин аткаруу (кайталоо).

Диплом алдындагы практика дипломдук долбоордун темасы менен байланышкан материалдарды окуп үйрөнүүгө, изилдөөгө мүмкүн болгон ишкана жана уюмдарда өтүүсү зарыл.

Практиканы өткөрүү жери болуп өндүрүштүк практиканы өтүү жайлары эсептелет.

*Диплом алдындагы практиканын милдеттери:*

- мурдагы окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикада, практикалык сабактарды жана лабораториялык иштерди аткарууда колледждин бардык курсунда окуу учурунда алган теориялык билимдердин, практикалык көндүмдөрдүн, компетенциялардын негиздерин бекемдөө;
- дипломдук долбоорду аткаруу үчүн материалдарды чогултуу;
- кийинки дипломдук долбоордун алкагында өз алдынча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө студентти даярдоо;
- башкаруу объектисине карата башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу көндүмдөргө ээ болуу;
- конкреттүү ишкана, уюм, мекеменин шарттарында келечектеги адистин өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүгүн текшерүү.

Диплом алдындагы практикага жеке тапшырмалар дипломдук долбоордун темасына ылайык катуу талабы менен берилет.

### Компетенцияларга болгон талаптар

190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)» адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билиминин мамлекеттик билим берүүчү стандартынын (компетенттүүлүктүн негизинде) талаптарына ылайык практика мезгилинде кесиптик маселелерди жооптуу жана

компетенттүү чечүү үчүн студент төмөнкү компетенцияларга ээ болуусу керек (ЖИК-5, АК-3, КК-1-2-3-4-5-6-7-8-9-10-11-12-13-14-15-16-17-18):

**а) универсалдык компетенциялар**:

**-жалпы илимий (ЖИК):**

- өзүнүн эмгегин баалоого жөндөмдүү жана өзүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыгын жогорку даражадагы өз-алдынчалуулук менен баалоого жөндөмдүү (ЖИК-5).

**- аспаптык (АК):**

- маалыматты алуунун, сактоонун, кайра иштетүүнүн негизги усулдарына, ыкмаларына жана каражаттарына, маалымат башкаруунун каражаты катары компьютер менен, анын ичинде глобалдык компьютердик тармактарда жана корпоративдик маалыматтар системдеринде иштөөнүн шыктарына ээ (АК-3).

**б) кесиптик компетенциялар (КК):**

- ишкана ишмердүүлүгүнүн стратегиясын ишке ашырууга, жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу процессинин сапаттуулугуна жана натыйжалуулугуна жетүүгө даяр болуу (КК-1);
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү жеткирүүдө ар кандай унаа-технологиялык системдерди натыйжалуу колдонууну уюштурууга; материалдык жана элдик ресурстарды натыйжалуу колдонууга жөндөмдүү (КК-2);
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу жаатында колдонуп жаткан жоболорду, эрежелерди жана ченемдерди жүзөгө ашырууга даяр болуу (КК-3);
- унаа каражатынын кыймылын уюштурууда натыйжалуу схемаларды колдонууга даяр болуу (КК-4);
- ар түрдүү шарттарда кыймылдын коопсуздугун камсыздоого даяр болуу (КК-5);
- аткаруучулардын жамааттык ишин уюштурууга даяр болуу (КК-6);
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну пландоо жана уюштурууга даяр болуу (КК-7);
- мүмкүн болгон стандарттык эмес жагдайларда жана атаандаштык шарттарда жумуштарды пландоодо оптималдык чечимдерди тандоого даяр болуу (КК-8);
- унаа-технологиялык система жумуштарын көзөмөлдөөнү ишке ашырууга даяр болуу (КК-9);
- түздөн-түз ишканада жана ошондой эле, линияда айдоочулар иштеп жатканда коопсуздук техникасынын, өнөр-жай санитариясынын, өрткө каршы коргонуунун жана эмгекти коргоонун ченемдерин жана эрежелерин аткарууну камсыздоого даяр болуу (КК-10);
- өз алдынча маселени формулировкалоо жана кесиптик компетенциянын алкагында аларды чечүү ыкмаларын аныктоону билүү (КК-11);
- кесиптик маселелерди чечиш үчүн заманбап маалыматтык технологияны колдонуп, керектүү маалыматты өз алдынча издөөнү аткарууга даяр болуу (КК-12);

- автомобилдик ташууларды уюштуруунун технологиялык схемаларын иштеп чыгууну билүү (КК-13);

- өзүнө эксплуатациялык сапаты туура келген кыймылдуу бөлүктү тандоо жана ташуу процессинин натыйжалуу аткарылышын камсыздоону билүү (КК-14);

- жүктөп-түшүрүүчү механизмдердин жана кыймылдуу бөлүктүн санын эсептөөнү билүү (КК-15);

- товардык-унаалык иш кагаздарды жана жол баракчаны иштеп чыгуу жана толтурууну билүү (КК-16);

- аткарылган жумуштун (тейлөөнүн) сапатына туура келген техникалык көзөмөлдү ишке ашырууну билүү (КК-17);

- ишкананын ишмердүүлүгүнүн өндүрүш-чарбалык негизги көрсөткүчтөрүн билүү (КК-18).

## 2. ПРАКТИКАНЫН ПЛАНЫ

| № | Практиканын түрү | Курсу | Семестри | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Окуу-таанышуу практикасы | 2 | 3 | 3 жума |
| 2. | Өндүрүштүк практика | 2 | 4 | 4 жума |
| | | 3 | 5 | 4 жума |
| 3. | Диплом алдындагы практика | 3 | 6 | 4 жума |

## 3. ПРАКТИКАГА ТАПШЫРМАЛАР

Практикалар окуу жайдын жана практиканын базасы болгон ишкананын (уюмдун) өкүлдөрүнүн (практика жетекчилеринин) жетекчилиги астында практиканын программасына ылайык ишке ашат.

Студенттер окуу жайда аныкталган үлгүдөгү «Практиканын күндөлүгүн» жүргүзүшөт жана анда практикага окуу жайдан, өндүрүштөн практиканын жетекчилеринен бардык тапшырмалар көрсөтүлөт. Практика өтүү маалында студенттер ошол тапшырмаларды аткаруунун үстүндө иштешет жана практиканын аягында отчет тапшырышат.

## 4. ПРАКТИКАНЫ УЮШТУРУУ

### 4.1. Практиканын жыйынтыгы боюнча аттестациялоо

Практиканын бардык түрлөрүн уюштуруу анын этаптарында төмөнкүлөргө багытталган:

- ыйгарылып жаткан квалификация жана алып жаткан адистикке ылайык бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун деңгээлине жана мазмунуна болгон мамлекеттик минималдык талаптарды аткарууга;

- практиканын программасына ылайык студенттер кесиптик ишмердүүлүккө ырааттуу жана үзгүлтүксүз ээ болуусуна.

Практикадан өтүү студенттердин бардык категориясы үчүн милдеттүү

болуп эсептелет. Практиканын программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыгы боюнча студенттер жазуу отчетун көрсөтүшөт, ал аттестациялоо менен коштолот.

Практиканын жыйынтыгы боюнча аттестациялоо белгиленген талаптарга ылайык жазылган отчеттун жана өндүрүштөн болгон практика жетекчисинин пикиринин негизинде ишке ашат. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча баа коюлат (эң жакшы, жакшы, канааттандыраарлык).

## 4.2. Практиканын базасы жана студенттердин иш орундары

Практиканын базалары болуп студенттерди даярдоонун багытына туура келген ар кандай менчик түрүндөгү транспорттук уюмдар же ишканалар, жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуучу алдыңкы ишканалар эсептелет.

Практикада студенттин иш орду, биринчи кезекте дипломдук долбоордун темасы менен аныкталат (эгер диплом алдындагы практика болсо). Конкреттүү шарттарга жараша студент бригадирдин, диспетчердин, инженердин, техниктин жардамчысы катарында төмөнкү бөлүмдөрдө иштесе болот: пландык, техникалык кызмат, ташууларды пландоо бөлүмү, эксплуатациялоо бөлүмү, диспетчердик ж.б.

Диплом алдындагы практика убагында студенттер дипломдук долбоор үчүн материалдарды эле чогултпастан, аларды алдын ала талдап, иштеп чыгуулары керек.

## 4.3. Практиканын мазмуну жана жетектөө

Ишкана тараптан практиканы практиканын базасы болгон ишканадан атайын дайындалган дасыккан адис жетектейт.

Практиканын мөөнөтү башталганга чейин окуу жайдан бекиген практиканын жетекчиси келишим түзүлгөн ишканаларга барып, жетекчилери менен түз байланышып, алдыдагы студенттердин практикадан өтүүсүн уюштуруу маселелерин чечет. Практика башталганда студенттерге ишкананын өкүлү менен биргеликте тааныштыруу экскурсиясын уюштурат, практиканттарды жумушчу орундарга бөлүштүрүүгө катышат жана практиканын жүрүшүнө көзөмөл кылат.

Студенттердин диплом алдындагы практикасынын окуу-усулдук жетектөөсү колледждин администрациясы тарабынан ишке ашат. Бул максатта колледж тийиштүү студенттерди мугалимдерге – дипломдук долбоордун жетекчилерине бекитет. Практикага жолдомо алуунун астында студент жетекчиси менен дипломдук долбоордун планын түзөт жана практика маалында чогултуучу материалдардын курамын аныктайт.

Диплом алдындагы практикадан өтүүдө төмөнкү маселелер изилдөөгө жатат:

- техникалык өнүгүү жана уюштуруу-чарбалык иш-чаралардын планын алардын экономикалык натыйжалуулугун эсептөө менен иштеп чыгуу;

- ташуу процессин башкаруунун автоматташтырылган системасын түзүү шарттары;
- транспортто башкарууну өркүндөтүүнү жана бул максатта компьютердик техниканы колдонуу;
- ташуулардын планын иштеп чыгуу методикасын жана ташуу процессин аткарууну күндөлүк талдоо;
- өткөрүлүп жаткан эксперименттердин жыйынтыктарын талдоо;
- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташууну уюштурууну өркүндөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу.

Студент практика жетекчисине жеке программанын аткарылуу абалы жөнүндө дайыма билдирип турууга милдеттүү.

### 4.4. Техника коопсуздугу жана эмгекти коргоо

Эмгекти коргоону уюштуруу уюмдарда кесиптик оору жана майып болуучулуктун алдын алуу боюнча иш-чараларды, жүргүнчүлөрдү жана ар кандай жүктөрдү ташууда айлана-чөйрөнү коргоого багытталган практикалык чечимдерди, автоунаа ишканаларында майып болуунун себептерин талдап изилдөөнү камтыйт.

Ишканадагы ички тартип эрежелерине ылайык ар бир практикант студентти уюмдан бекиген практика жетекчиси ал жердин ички эмгек тартип эрежелери, өндүрүштүк санитария, өрткө каршы иш-чаралары менен сөзсүз түрдө тааныштырат. Бул максатта коопсуздук техникасы боюнча киришүү нускамасы жана андан кийин жумуш орундарында нускама өткөзүлөт. Эмгекти коргоо жана жашоо-тиричилик коопсуздугунун маселелери практиканын отчетунун өзүнчө бөлүмүндө чагылдырылат.

### 4.5. Практика боюнча студенттердин отчеттору

Колледж студенттеринин өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикасы боюнча отчеттуулук формасы – практика боюнча отчет жана күндөлүк.

Практика боюнча отчетко жана күндөлүккө болгон талаптар: студенттер практика убагында үзгүлтүксүз күндөлүк жүргүзүшү керек, анда иш участокторунун аталышы, ар бир участокто практиканын мөөнөттөрү, анын милдети, жамааттын өндүрүштүк ишмердүүлүгү жөнүндө кыскача маалымат жана практиканттын жеке катышуусу, жеке байкоолор, эскертүүлөр, сунуштар камтылат. Күндөлүктүн көлөмү – 10-20 бет. Практиканын күндөлүгүнө тиркеме катары окуучу практикада ээ болгон иш тажрыйбаларын тастыктаган графикалык, аудио, фото, видео, материалдарды, буюмдардын көрсөтмө үлгүлөрүн тиркейт. Күндөлүккө студент менен уюмдан практика жетекчиси кол коет жана ишкананын мөөрү менен күбөлөндүрөт.

Практиканын отчету А4 (210х297 мм) форматындагы кагазда Times New Roman шрифти менен 14 өлчөмдө 1,5 сап аралык менен компьютерде басылган

же стандарттык талаптардын негизинде колго жазылган болуусу керек. Жасалып бүткөн отчеттун беттерине номер коюулуусу зарыл. Бул отчет студенттин практика маалында конкреттүү ишти аткаруусу тууралуу маалыматты камтыйт.

Отчет окуу жайдан практика жетекчиси тарабынан текшерилет жана колледждин директору бекиткен комиссиянын алдында студент коргошу керек. Практиканын жыйынтыгы боюнча студент тийиштүү баа алат. Мында комиссия ишканадан жазылган пикирди, отчеттун мазмунун жана сапаттуу жазылышын, студенттин оозеки жоопторун жана анын өндүрүштөгү иштерге катышуусун эске алат.

Практика кесиптик ишмердүүлүктүн түрү боюнча кесиптик модулду өздөштүрүүнүн акыркы этабы болуп саналат.

Практиканын тапшырмасына ылайык практика тууралуу отчетту жана практиканын күндөлүгүн толук жана өз убагында көрсөткөндө; практиканы өтүү убагында жалпы компетенцияларды өздөштүрүү боюнча студентке уюмдан оң мүнөздөмө бар болсо; кесиптик компетенцияларды өздөштүрүү деңгээли тууралуу ОКББ (Колледж) жана уюмдан практика жетекчилеринин практика боюнча ийгиликтүү аттестациялык кагазы бар шартта практика ийгиликтүү аяктайт.

Практикадан өтпөгөн же терс баа алган студенттер жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өтүүгө киргизилбейт. Өндүрүштүк практиканын программасынын талаптарын жөнсүз себептерден улам аткарбаган же терс баа алышкан студенттер академиялык карызы бар деген жүйөө менен ОКББ (Колледжден) окуудан чыгарылат.

Студенттердин отчет тапшырууларынын жыйынтыгы боюнча практиканын жетекчиси практикадан студенттердин өтүүсү боюнча жалпы отчет түзөт.

## 5. АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Положение о производственной (профессиональной) практике студентов образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики (утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470).
2. Положение о практике студентов СПО (Колледж) КГУСТА им. Н.Исанова (утверждено на заседании Совета Колледжа КГУСТА им. Н.Исанова протокол № 1 от 21.09.2018 г.). – Бишкек, 2018. – 7 с.
3. Бирисманов Э.Ж. Программа практики по направлению подготовки 670300 «Технология транспортных процессов» профиль «Организация перевозок и управление на транспорте» \ КГУСТА. – Бишкек, 2014. – 26 с.
4. Исаков К.И, Стасенко Л.Н., Алтыбаев А.Ш. Программа практики по направлению подготовки 670300 «Технология транспортных процессов» профиль «Организация и безопасность движения» \ КГУСТА. – Бишкек, 2014. – 36 с.

**190701 «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (автомобилдик унаада)»**
адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн студенттери үчүн

# ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ

Түзүүчүлөр:
***Эркин Жолунбекович Барисманов***
***Бермет Темирбековна Ткачева***
***Талантбек Мурсакулович Мамбеталиев***

Редактору *А.Б. Аманкулова*

Басууга 17.12.2018 кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 0,8 ок.-басм. т., 1,0 б. т.
Офсеттик басуу. Офсеттик кагаз.
Нускасы 100 даана. Буйрутма № 155

---

720020, Бишкек ш., Малдыбаев көчөсү, 34, б

Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш,
транспорт жана архитектура университети